**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 12.14.695 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 340.1.: 340.115.7.(116)

**МАДЫШЕВА ШИРИН ИКРАМОВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК МАКАМЫ

**12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы: укук жана мамлекет жөнүндөгү илимдердин тарыхы**
**12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук; жараяндык процесс**

Юридика илимдеринин кандидаты илимий
даражасын изденип алууга даярдалган диссертациянын
**автореферати**

**Бишкек 2025**

Диссертациялык иш К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин “Юриспруденция” кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Кулдышева Гулсара Кенжеевна,**
юридика илимдеринин доктору,
Ош мамлекеттик университетинин профессору

**Расмий оппоненттер:**

Коргоо ... болуп өтөт

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,

Юридика илимдеринин доктору, доцент Жылкычиева К.С.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Үй-бүлө бүтүндөй өзүнүн тарыхый өнүгүү мезгилинде адамзат тарабынан жаратылган эң бийик баалуулуктардын бири болуп келген жана болуп саналат. Үй-бүлө өзүнчө автономдуу институт катары коомдон жана мамлекеттен сырткары жашабайт, себеби бардык социалдык-экономикалык, саясий, маданий жана башка шарттар жана факторлор үй-бүлөнүн абдан маанилүү коомдук уяча катары калыптанышына жана өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет [*Мадышева, Ш.И. О правовом определении понятия семьи [Текст] / Ш.И. Мадышева, Э.М. Токтобаева, Г.К. Кулдышева // Евразийское Научное Объединение. – 2021. – № 7-2 (77). – С. 142-145*].

Мындан сырткары жарандык-укуктук мамилелердин түптөлүүсүнүн, өнүгүүсүнүн коомдук жана мамлекеттик жараяндарына таасир этүү боюнча эң күчтүү потенциал да дал ушул үй-бүлөдө камтылган, бул өз кезегинде мамлекеттин өлкөдө ишке ашырып жаткан үй-бүлөлүк саясатынын натыйжалуулугу маселелерине өтө тыкан көңүл буруу зарылчылыгын күчөтөт.

Үй-бүлө менен мамлекеттин өз ара мамилесинин негиз салуучу принциптери Кыргыз Республикасынын Конституциясында аныкталган (мындан ары КРнын Конституциясы), анын 20-беренесинде "Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик жана балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосу астында турат. Ата-энеге сый-урмат көрсөтүү жана кам көрүү – балдардын ыйык милдети. Балдар Кыргыз Республикасынын эң маанилүү байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, ыймандык, интеллектуалдык жана физикалык өнүгүүсүнө, алардын жарандык-патриоттук тарбия алуусуна өбөлгө түзүүчү шарттарды жаратат" деп белгиленген *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын -5майындагы № 59-мыйзамы (2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдум (бүткүл элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган). – Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112215?cl=ru-ru.]*.

КРнын Конституциясында, үй-бүлөлүк жана башка мыйзамдарында үй-бүлөнү сактоо жана коргоо жөнүндөгү жоболордун бекитилиши кыргыз коомчулугундагы анын ролунун маанилүүлүгүн, мамлекеттин бүтүндөй үй-бүлө менен кошо анын айрым мүчөлөрүнүн да сакталуусуна, колдоого алынуусуна жана сапаттуу өнүгүүсүнө кызыкдар экендигин айгинелейт. Буга кошумча Кыргыз Республикасы өзүнүн Конституциясына *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын -5майындагы № 59-мыйзамы (2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдум (бүткүл элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган). – Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112215?cl=ru-ru.]* ылайык "... укуктук, светтик жана социалдык мамлекет", анын саясаты адамдын татыктуу жашоосун жана эркин өнүгүүсүн камсыз кылган шарттарды жаратууга багытталган.

Ошону менен бирге Кыргызстанда үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн укуктук макамы ар кандай, анын ичинде мыйзам чыгаруу, укук колдонуу, социалдык-экономикалык, гендердик, диний ж.б. мүнөздөгү көйгөйлөрдүн

жыйындысы менен мүнөздөлөт. Өзгөртүп түзүүлөрдүн алкагында үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучуларынын конституциялык укуктарын сактоого жана коргоого багытталган айрым артыкчылыктуу долбоорлор жана программалар ишке ашырылып жатканына карабастан, мындай көйгөйлөрдү чечүү үй-бүлө чөйрөсүндөгү узак мөөнөттүү саясаты дагы деле иштелип чыгыла элек мамлекеттин түздөн-түз жана туруктуу катышуусун талап кылат.

Изилденип жаткан көйгөйдүн бүгүнкү күндөгү илимий жактан иштелип чыгуу деңгээлин жетиштүү деп эсептөөгө болбой тургандыгын белгилей кетүү керек. Учурда окумуштуулар көңүлдү маанилүү даражада үй-бүлөнүн айрым мүчөлөрүнүн (жубайдын, баланын, атанын, эненин) укуктук мамилелерин үйрөнүүгө буруп жатышат. Үй-бүлөнү укуктун мүмкүн болгон субъекти, бүтүндөй институт катары караган ар тараптуу изилдөөлөр өтө сейрек кезигет. Дал үй-бүлө үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан өздөрүнүн укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле алар тарабынан аталган милдеттерди аткарууга болгон жоопкерчилигин аңдап жетүүгө өбөлгө түзгөн баалуулук багыттарын түптөөнүн булагы болуп саналаарын белгилегибиз келет.

Жогоруда айтылгандар диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун белгилөө менен үй-бүлөнүн укуктук макамын аныктоо, натыйжалуу тескөө жана ишке ашыруу максатын көздөгөн андан аркы теориялык-укуктук иштелмелердин зарылдыгын тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы УП №221 Жарлыгы менен бекитилген), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өлкөнү 2018-2022 жылдарга өнүктүрүүнүн “Ишеним. Биримдик. Жаратмандык” Программасын (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377- VI Токтому менен бекитилген), “Санариптик экономика” Мамлекеттик Программасын (Кырыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 90-Жарлыгы менен бекитилген), Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм 2021-2026” Турак-жай Программасын (Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 13-июлундагы № 75-Токтому менен бекитилген) жана бир катар башка документтерди ишке ашыруу менен байланышкан.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп тутумдуу теориялык, формалдуу-юридикалык, институттук-укуктук жана практикалык талдоонун негизинде үй-бүлөнүн укуктук макамынын маңызы жана мазмуну, үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучуларынын конституциялык укуктары жөнүндөгү билимдердин комплексин иштеп чыгуу, ошондой эле Кыргыз Республикасында үй-бүлөнүн укуктук макамын ишке ашыруу жараянында түптөлгөн актуалдуу теориялык-укуктук жана практикалык көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү саналат.

Коюлган максатка жетиш үчүн иште төмөнкү **милдеттерди** чечүү талап кылынды:

1) үй-бүлө түшүнүгүнүн теориялык-укуктук негиздерин изилдөө;

2) укуктук макам түшүнүгүн анын формалдуу-укуктук түпкүрүнөн келип чыгуу менен изилдөө;

3) үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук тескөөнүн принциптерин жана алардын классификациясын изилдөө;

4) Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы конституциялык укуктарынын, милдеттеринин жана кепилдиктеринин ишке ашуусун талдоо;

5) Кыргызстандын өз ичине үй-бүлөлүк укуктун ченемдерин камтыган үй-бүлөлүк мыйзамдарынын жана башка укуктук-ченемдик актылардын курамына талдоо жүргүзүү;

6) Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык байгерчилигине талдоо жүргүзүү;

7) Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана милдеттерин ишке ашыруудагы көйгөйлөрдү аныктоо жана топтоштуруу;

8) Кыргызстандагы үй-бүлөнү сактоо жана коргоонун укуктук механизмдерин өркүндөтүүнүн багыттарын иштеп чыгуу жана сунуштоо;

9) Кыргыз Республикасында 2040-жылга чейинки мамлекеттик үй-бүлө саясатынын Концепциясын иштеп чыгуу жана сунуштоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иш теориялык жана практикалык аспекттерди чагылдырган уникалдуу изилдөө болуу менен коргоого алынып чыгылып жаткан жана андан ары өнүктүрүлгөн төмөнкү натыйжаларда чагылдырылган: 1) үй-бүлө жана үй-бүлө мамилелери жаатындагы теориялык-укуктук билимдер; 2) үй-бүлөнүн укуктук макамын формалдуу-укуктук контексттин алкагында изилдөө; 3) үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун принциптерин изилдөө; 4) Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө институтунун учурдагы абалын изилдөө; 5) ар тараптуу изилдөөнүн негизинде Кыргызстанда адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана милдеттерин ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн топтору аныкталды жана аларга мүнөздөмө берилди: 6) Кыргызстандагы үй-бүлөнү коргоонун укуктук механизмин өркүндөтүүнүн багыттары; 7) ата мекендик илимде биринчи жолу Кыргыз Республикасында мамлекеттин 2040-жылга чейинки узак мөөнөттүү үй-бүлөлүк саясатынын Концепциясы иштелип чыгылды жана сунушталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Теориялык жана практикалык маанидеги сунуштар, тыянактар жана сунуштамалар ченем жаратуучу жана укук колдонуучу органдар тарабынан колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык иштеги теориялык жоболор Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн укуктук макамынын абалы жана аны ишке ашыруу жөнүндөгү теориялык, статистикалык жана эмпирикалык маалыматтардын олуттуу бөлүгүн алгачкы жолу жалпылоого мүмкүндүк берет.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн алкагында алынган натыйжалар 2040-жылга чейинки мамлекеттик үй-бүлөлүк

саясаттын Концепциясын өркүндөтүү жана оптималдаштырууда колдонулушу мүмкүн. Сунушталган иш-чараларды талаптагыдай ишке ашырууда алар Концепцияда белгиленген жана иш жүзүндөгү натыйжалардан көз каранды түрдө түзөтүлүшү мүмкүн болгон ар бир багыттар боюнча максаттарга жетүү үчүн пландуу көрсөткүчтү белгилөө менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди укуктук жөнгө салууга сапаттык жаңы ыктоолорду калыптандыруу үчүн негиз боло алат.

**Коргоого алынып чыгылуучу негизги жоболор:**

1. Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндөгү теориялык изилдөөлөр жалпыланды, “үй-бүлө” түшүнүгүнүн маңызы жана мазмуну ачылып берилди, “үй-бүлө” түшүнүгүнө үй-бүлөнү укуктун субъекти катары кеңири жана атайын юридикалык мааниде мүнөздөгөн автордук аныктама берилди.

2. Үй-бүлөнүн укуктук макамын формалдуу-укуктук контексте жүргүзүлгөн теориялык изилдөөлөр жалпыланды, “укуктук макам” жана “үй-бүөнүн укуктук макамы” түшүнүктөрүнө автордук аныктама берилди. Үй-бүлөнүн укуктук макамынын түрлөрү классификациялоо критерийлерин бөлүп көрсөтүү менен классификацияланды.

3. Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун принциптери классификацияланды, мунун натыйжасында негизги жетектөөчү түшүнүктөр укуктук тесөөнүн жалпы жана атайын принциптерине дифференцияланды. Аларды ишке ашыруу укуктук ченемдердин анык бир жыйындысына натыйжалуу таасир этүү менен үй-бүлөнүн жашоо-тиричилик жараянында түптөлүүчү мамилелерди тескөөгө мүмкүндүк берет.

4. Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө институтунун учурдагы абалын изилдөө жараяны төмөнкүлөрдүн негизинде ишке ашырылды:

1) Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы конституциялык укуктарын, милдеттерин жана кепилдиктерин ишке ашырууга болгон ар тараптуу талдоонун, мында “Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кепилдөө” түшүнүгүнө автордук аныктама келтирилди;

2) Кыргызстандын үй-бүлөлүк укук ченемдерин камтыган үй-бүлөлүк мыйзамдарынын жана башка укуктук-ченемдик актылардын курамын комплекстүү талдоонун. Мындай талдоо орун алган үй-бүлөлүк мамилелерди, үй-бүлөнүн, биринчи кезекте балдардын жана аялдардын таламдарын сактоону жана коргоону укуктук тескөөнүн деңгээлинин жакшыруусу менен кошо бир катар негизги түшүнүктөрдүн аныктамаларынын жоктугу же өркүндөтүлгөн эместиги менен байланышкан юридикалык коллизиялардын жана мыйзамдык боштуктардын, ошондой эле айрым укуктук ченемдердин мазмунунда так эместиктердин бар экендигин да көрсөттү.

3) Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык байгерчилигин комплекстүү талдоонун. Мындай талдоонун жардамында үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн экономикалык, социалдык жана укуктук чөйрөлөрдөгү укуктарын жана милдеттерин камсыз кылуудагы оң жактуу тенденциялар менен катар үй-бүлөгө өзүнүн негизги функцияларын

толук өлчөмдө ишке ашырууга мүмкүндүк бербей жаткан терс факторлордун жыйындысы да аныкталды.

5. Ар тараптуу изилдөөнүн натыйжасында Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу таламдарын жана милдеттерин ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн тобу бөлүнүп көрсөтүлдү жана мүнөздөлдү, мындай топтоштуруу экономикалык, социалдык, гендердик, саясий-укуктук, укук коргоочулук, руханий-ыймандык багыттар боюнча жүргүзүлдү.

6. Кыргыз Республикасында үй-бүлөнү коргоонун укуктук механизмин өркүндөтүүнүн багыттары берилди. Үй-бүлөнү сактоонун жана коргоонун интегралдык механизминин алкагында үй-бүлөнү, анын мүчөлөрүн коргоонун юрисдикциялык жана юрисдикциялык эмес формалары жана жолдору, алардын корголуучу мыйзамдуу таламдары, ошондой эле үй-бүлөлүк медиация үй-бүлөнүн укуктук макамын ишке ашырууга багытталган бирдиктүү, өз ара байланышкан жана бирин-бири толуктаган тутумду түптөөсү керек.

7. Кыргыз Республикасында 2040-жылга чейинки мамлекеттин узак мөөнөттүү үй-бүлөлүк саясатынын Концепциясы иштелип чыгылып, сунушталды. Аны ишке ашыруу коомдун жана мамлекеттин негизи катары болгон үй-бүлөнү бекемдөөгө, укуктун субъекти катары болгон үй-бүлө өзүнүн функцияларын аткарууда мүмкүн болгон тобокелдерден сактала турган, өзүнүн болочоктогу өнүгүүсүнө ишенимди сезе турган шарттарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекеттин 2040-жылга чейинки үй-бүлөлүк саясатын ишке ашыруунун негизги багыттары төмөнкүлөр: 1) "жумуш – үй-бүлө – балдар" балансын камсыз кылуу; 2) салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды таанууну жана коргоону камсыз кылуу; 3) үй-бүөлүк мамилелердеги гендердик теңдикти камсыз кылуу; 4) улуттун жана болочок муундардын саламаттыгын камсыз кылуу; 5) үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык тейлөө тутумун өркүндөтүү; 6) үй-бүлөдөгү чыр-чатактардын, балдардын каралбай жана көзөмөлдөнбөй калуусунун алдын алуу; 7) "Санариптик үй-бүлө" долбоорун ишке ашыруу; 8) Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк саясатты корпоративдик деңгээлде ишке ашыруу; 9) өсүп келе жаткан муундарды жарандык-патриоттук жана укуктук тарбиялоо институттарын түзүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Жүргүзүлгөн иш үй-бүлөнүн укуктук макамын ар тараптуу изилдөө жана ушул изилдөөнүн темасына тиешеси бар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, юридикалык адабияттарды талдоо боюнча бирдиктүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сындан өткөрүү.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары ички да, чет өлкөдө өткөрүлгөн да илимий конференцияларда жана семинарларда баяндалды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, тыянактары жана натыйжалары ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий басылмаларда жарык көргөн 10 илимий макалаларда чагылдырылган.

**Иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, өз ичине 9 параграфты камтыган 3 баптан, тыянактардан, сунуштамалардан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден туруп, 8 сүрөттү жана 11 таблицаны өз ичине камтыйт. Библиография менен тиркемелерди кошкондогу иштин жалпы көлөмү 194 бетти түзөт. Диссертациянын көлөмү жана түзүмү КР ЖАКтын талаптарына ылайык келет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** көйгөйдүн актуалдуулугу негизделип, анын изилденгендик даражасы, изилдөөнүн объекти менен предмети аныкталган, ошондой эле изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, иштин теориялык-практикалык баалуулугу, коргоого алынып чыгылуучу негизги жоболору, диссертанттын жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын сындан өтүү даражасы, иштин түзүмү менен көлөмү түптөлгөн.

**Көйгөйдүн иштелип чыгуу даражасы.** Үй-бүлө менен никенин жалпы теориялык аспекттери түрдүү мезгил ичиндеги Р.А.Ачылова, Е.А.Безнощенко, А.Г.Вишневский, Н.В.Витрук, С.И.Голод, Б.М.Гонгало, А.Б.Кадыш, В.И.Козлов, О.В.Кучмаева, Р.П.Маманкова, Н.И.Матузов, С.А.Муратова, А.М.Нечаева, Л.М.Пчелинцева, Т.К.Ростовская, П.А.Сорокин, А.Г.Харчев, Г.Ф.Шершенович, А.Б.Шестакова ж.б. сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде изилденген.

“Укуктук макам” категориясы түздөн-түз С.Ю.Андрейцонун, С.В.Бабенконун, С.А.Комаровдун, А.В.Красильниковдун, С.Ю.Наумовдун, В.С.Нерсесянцтын, Ю.С.Новикованын, Т.В.Пикинанын, О.А.Пучковдун, В.Г.Стрекозовдун, А.В.Третьяктын, И.В.Упоровдун ж.б. эмгектеринде каралган.

Бүтүндөй үй-блөнн, ошондой эле үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин кээ бир катышуучуларынын укуктук макамынын жана алардын укук субъективдүүлүгүнүн айрым маселелери А.В.Агеев, А.Р.Акиев, Н.В.Летов, Е.В.Пономарев, Л.В.Саенко, Р.Е.Телегин, А.Л.Янак ж.б. сыяктуу окумуштуулардын диссертацияларында изилденген.

Бир катар диссертациялык изилдөөлөрдө «балалык», «энелик», «бала» сыяктуу категориялардын жоболору ачылып берилет, үй-бүлөлүк мамилелердин анын айрым катышуучуларынын гана укуктук макамына тиешелүү болгон тар чөйрөсү талдоого алынган. Үй-бүлөнүн конституциялык-укуктук макамына түздөн-түз тиешеси болгон эмгектердин саны өтө аз экендигин белгилөөгө болот.

Үй-бүлөнүн укуктук макамын, үй-бүлө мамилелерин укуктук жөнгө салууну, үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн коргоонун укуктук механизмин изилдөөдө окумуштуулар А.Ю.Березованын, В.П.Борисенковдун, Т.А.Ермолаеванын, Д.Е.Зайковдун, А.Н.Ильиндин, Е.В.Каймакованын, Н.Н.Козлованын, О.Ю.Косованын, О.В.Кучмаеванын, С.В.Наруттонун, И.В.Позднякованын, Н.Н.Тарусинанын, А.М.Рабецтин, Т.К.Ростовскаянын, Л.В.Саенконун, О.И.Сочневанын, Г.И.Тюменцеванын, Т.М.Халецкаянын ж.б. эмгектери олуттуу кызыгууну жаратат. Бул илимий изилдөөлөрдө үй-бүлөлүк укуктагы салттардын жана инновациялардын көйгөйлөрү, үй-бүлөнүн айрым мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин сактоо жана коргоо жаатындагы үй-

бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери камтылып, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууга болгон жаңы ыктоолор калыптанган.

Кыргыз Республикасында коомдун негизи катары болгон үй-бүлөнү, ички үй-бүлөлүк мамилелерди учурда өнүктүрүүнүн аспекттери, гендердик теңсиздиктин жана үй-бүлөлүк зомбулуктун көйгөйлөрү Айтмамат кызы Айгүл, А.Ж.Жолонбаева, Б.А.Кудаярова, З.А.Куланбаева, Б.Т.Кутманова, Г.К.Кулдышева, С.М.Муратбекова, А.М.Осмоналиева, К.А.Токторбаева, А.Ж.Толонбаева, Б.Г.Тугельбаева, А.А.Усубалиева, Н.Т.Шаршембиева ж.б. сыяктуу окумуштуулардын жана адистердин эмгектеринде чагылдырылган.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасында үй-бүлөнүн укуктук макамын ар тараптуу изилдөөгө арналган эмгектер дээрлик жок. Мындан сырткары ата мекендик юридикалык илимде үй-бүлөнүн түшүнүктүк аныктамасына, үй-бүлөнүн укуктук макамына, үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуу принциптеринин классификациясына тиешелүү айрым теориялык-методологиялык жана формалдуу-укуктук аспектилер талаштуу бойдон калууда жана толук ачыла элек, ошондой эле үй-бүлөлүк мыйзамдуулукта бир катар түшүнүктөрдүн аныктамалары өтө талаштуу бойдон калууда. Мамлекеттик деңгээлдеги узак мөөнөттүү үй-бүлө саясаты иштелип чыгылган эмес.

Бул айтылгандардын баары теманы, изилдөөнүн объектин жана предметин тандоону, анын максатын жана милдеттерин аныктоону шарттады.

**“Үй-бүлөнүн укуктук макамын изилдөөнүн теориялык аспекттери”** деп аталган биринчи бапта үй-бүлө түшүнүгүнүн теориялык-укуктук негиздери каралып, укуктук макам түшүнүгү формалдуу-укуктук контекстте изилденген, үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук тескөөнүн принциптери бөлүнүп көрсөтүлгөн.

Үй-бүлө коомдун негизи, уячасы болуп саналат, анда өлкөнүн калкынын көбөйүү, келечек муундарды тарбиялоо, коомдук жана мамлекеттик өнүгүү, жарандык-укуктук мамилелерди калыптандыруу жараяндарына таасир этүүчү кубаттуу потенциал камтылган, бул үй-бүлөнүн жашоо-тиричилигин камсыздоо, үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн сактоо жана коргоо маселелерине болгон такай көңүл буруу зарылдыгын аныктайт.

Дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнүн конституцияларын изилдөө алардын басымдуу көпчүлүгүндө үй-бүлө институту коомдун жана мамлекеттин жашоо-тиричилигинде негизги орундардын бирин ээлей тургандыгын көрсөтөт.

Ар түрдүү илимий жана атайын адабияттардагы, ошондой эле Кыргызстандын жана ЕАЭБге мүчө башка өлкөлөрдүн мыйзам актыларындагы 35тен ашык аныктамаларды талдоонун негизинде «үй-бүлө» түшүнүгүн кеңири жана тар мааниде кароо сунушталат.

Үй-бүлөнүн анын маңызын эң көп чагылдырган функциялары болуп төмөнкүлөр саналат: 1) репродуктивдүү; 2) коргоочу; 3) трансляциялоочу; 4) коммуникативдүү; 5) баштапкы укуктук көзөмөлдөө функциясы; 6) баштапкы социалдык көзөмөлдөө функциясы; 7) экономикалык функция; 8) калыбына келтирүүчү; 9) эмоционалдуу; 10) билим-берүүчү – тарбиялоочу функциясы.

Бирок ар бир үй-бүлө өз функцияларын толук өз алдынча аткарууга, коомдо жана мамлекетте орун алып жаткан социалдык-экономикалык карама-каршылыктарга жана көйгөйлөргө каршы турууга жөндөмдүү эмес. Ушуга

байланыштуу мыйзамдык ченемдерде үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн укуктук макамын так жана адекваттуу аныктап, бекитүү зарыл.

Юридикалык жак болбой туруп үй-бүлө жарандык жүгүртүүлөрдө бир бүтүн катары чыга алат, андыктан үй-бүлөнү укуктук мамилелердин өзүнчө субъекти катары кароо максатка ылайыктуу. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ошондой эле үй-бүлө мыйзамдары үй-бүлөнүн укуктарга ээ болуу жана милдеттерди алып жүрүү, аларды мыйзам чегинде ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүн белгилейт, бул анын укук субъективдүүлүгүнүн бар экендигин көрсөтөт.

Учурдагы юридикалык доктринада жана практикада "укуктук макам" категориясын эң маанилүү жана көп колдонулган категориялардын бири катары эсептөөгө болот. Илимий коомчулуктун укуктук макам түшүнүгүн аныктоого багытталган түрдүү көз караштарына карабастан, ага негиз катары укуктар жана милдеттер сыяктуу түзүмдүк элементтер кызмат кылат деген бирдиктүү пикирлер бар. Илимий, адистештирилген адабияттарда жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында берилген үй-бүлөнүн укуктук макамын аныктоого болгон мамилени талдоо жана салыштыруу «укуктук макам» жана «үй-бүлөнүн укуктук макамы» түшүнүктөрүнө автордук аныктамаларды түптөөгө мүмкүндүк берди.

Окумуштуулардын жана изилдөөчүлөрдүн түрдүү көз караштарын жалпылоо менен үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун жалпы жана атайын принциптери аныкталды, алар үй-бүлөлүк мамилелердин бардык чөйрөлөрүн жөнгө салууга, сактоого, коргоого жана “тарбиялоого”, жарандардын укуктук жөнгө салууга, үй-бүлөлүк укук мамилелеринин бардык катышуучуларынын укуктарын, эркиндиктерин, милдеттерин жана жоопкерчилигин чындап ишке ашырууга болгон ишенимин бекемдөөгө багытталган.

**“Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө институнун учурдагы абалын талдоо”** деген аталыштагы экинчи бапта Кыргызстандагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндөгү конституциялык укуктарын, милдеттерин жана кепилдиктерин ишке ашыруу маселелери каралып, республикадагы үй-бүлөлүк мыйзамдуулуктун жана үй-бүлө укугунун ченемдерин камтыган башка укуктук-ченемдик актылардын курамы талданган, Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык байгерчилигине ар тараптуу талдоо жүргүзүлгөн.

Иште үй-бүлөлүк мамилелердин түрдүү катышуучулары болушкан ата менен эненин укуктары менен милдеттери алардын тең укуктуулугунан улам аң-сезимдүү түрдө дифференцияланган жок. Аларды «ата-эне» категориясына жайгаштыруу менен мамлекеттик үй-бүлө саясаты жубайларга бирдей деңгээлде таралышы керек. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясында баланын укуктары өзгөчө белгиленген жана мыйзам чыгаруучунун мындай позициясы эң негиздүү болуп саналат, анткени жашы жете элек жарандар калктын социалдык жактан эң аз корголгон категориясы болуп саналышат жана дал ушул жашы жете элек балдар моралдык жана психологиялык деформацияга көп дуушар болушат.

Диссертацияда Кыргыз Республикасынын Конституциясында чагылдырылган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктерин талдоого өзгөчө көңүл бурулган. Бул түшүнүктүн мыйзамдык деңгээлдеги аныктамасынын жоктугуна байланыштуу “кепилдик” түшүнүгүнө автордук аныктама сунушталып, конституциялык жоболор тутумунда жалпы кепилдиктердин түрлөрү жана мүнөздөмөлөрү берилген.

Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамдарынын, ошондой эле үй-бүлөлүк укуктун ченемдерин камтыган башка ченемдик укуктук актылардын, анын ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин жаңы редакциясынын курамына талдоо жүргүзүүнүн негизинде белгилүү тыянактар чыгарылган. Калыптанып калган үй-бүлөлүк мамилелердин, үй-бүлөнүн, биринчи кезекте балдардын жана аялдардын кызыкчылыктарын сактоону жана коргоону укуктук тескөөнүн жакшырышы менен катар юридикалык карама-каршылыктардын жана мыйзамдык боштуктардын бар экендиги, бир катар негизги түшүнүктөрдүн аныктамаларынын жоктугу же жеткилеңсиздиги, ошондой эле айрым укуктук ченемдердин мазмунунун так эместиктери белгиленген. Буга байланыштуу автор тарабынан «сексуалдык зомбулук» түшүнүгүнүн аныктамасы сунушталды, кыйыр гендердик дискриминациянын тизмеси кеңейтилди, үй-бүлөлүк зомбулукту аныктоодо атайылап жасалган аракеттердин мүнөзүнүн тизмесин кеңейтүү сунушталды, ай сайын берилүүчү мамлекеттик жөлөкпулдун төмөнкү чеги жөнүндөгү эрежени өзгөртүү ж.б. сунушталды.

Коомдун жана бүтүндөй мамлекеттин өнүгүүсүнүн базалык негиздеринин бири болуп үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык жактан байгерчилиги саналат. Иште автор «үй-бүлөнүн байгерчилиги» түшүнүгүнө аныктама берген.

Нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин динамикасы социалдык-экономикалык, укуктук, билим-берүүчүлүк – тарбиялык, диний жана башка мүнөздөгү көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлордон көз каранды.

Үй-бүлөлүк байгерчиликтин жана үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучуларынын өз укуктарын жана милдеттерин адекваттуу ишке ашыруусунун өтө маанилүү фактору болуп экономикалык түзүүчүсү саналат. Материалдык-турмуштук шарттар үй-бүлөнүн өнүгүшүнө жана пландаалуусуна, үй-бүлөлүк топтун жашоо-тиричилик багытына, ата-энелердин балдардын санына карата мамилесине, үй-бүлө ичиндеги мамилелердин туруктуулугуна жана ушул сыяктууларга олуттуу таасирин тийгизет.

Эң олуттуу терс фактор болуп үй-бүлөлүк зомбулук саналат, ал укуктук, социалдык-экономикалык, адеп-ахлактык жана тарбиялык мүнөздөгү чечилбеген көйгөйлөрдүн кесепети гана эмес, тескерисинче, өзү да үй-бүлөнүн экономикалык байгерчилигине укуктук жана социалдык жактан таасир этүүчү зыяндуу көрүнүш болуп саналат.

**“Кыргыз Республикасында үй-бүлөнүн укуктук макамынын көйгөйлөрү жана аны камсыз кылуунун негизги багыттары”** аталыштагы үчүнчү бапта үй-бүлө чөйрөсүндөгү, адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу таламдарын

жана мидеттерин ишке ашыруудагы өтө курч көйгөйлөр каралып, Кыргызстандагы үй-бүлөнү сактоо жана коргоонун укуктук механизмдерин өркүндөтүүнүн багыттары, автор тарабынан иштелип чыгылган Кыргыз Республикасында 2040-жылга чейинки мамлекеттин үй-бүлөлүк саясатынын Концепциясы сунушталган.

Үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн укуктук макамын ишке ашыруу көйгөйлөрү өзүнчө топторго дифференцирленген, бул аларды чечүүгө адекваттуураак ой токтотууга мүмкүндүк берет. Кыргызстанда үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн укуктук макамын ишке ашыруу көйгөйлөрүнүн 8 тобу диссертациялык иштин 1-таблицасында чагылдырылган *(автор тарабынан өздүк изилдөөнүн натыйжалары боюнча жана түрдүү булактарды талдоонун негизинде түзүлдү).*

Мамлекеттик үй-бүлө саясаты кыргыз коомунун фундаменталдык негизи катары болгон үй-бүлөнү чыңдоого, өнүктүрүүгө, сактоого жана коргоого, салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоого жана өткөрүп берүүгө, үй-бүлөнүн коомдун турмушундагы социалдык ролун жана Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегиясын жогорулатууга багытталган максаттардын, милдеттердин, принциптердин, артыкчылыктардын жана чаралардын тутумун билдирет.

Кыргызстанда мамлекеттин 2040-жылга чейинки мезгилдеги үй-бүлөлүк саясатынын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат: 1) республикадагы ар бир үй-бүлөнүн эркин өнүгүшү үчүн жагымдуу жана узак мөөнөттүү укуктук жана социалдык-экономикалык шарттарды камсыз кылуу; 2) үй-бүлө тарабынан өзүнүн негизги функцияларын аткарууну камсыз кылуу жана мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан мындай функцияларды ишке ашырууну камсыз кылууда буга чейин кетирилген кемчиликтерди жоюу; 3) үй-бүлөнү жана үй-бүлөлүк жашоонун салттуу баалуулуктарын сактоо, коргоо, колдоо жана чыңдоо; 4) Кыргызстандагы үй-бүлөлөрдүн жашоо сапатын жана деңгээлин жогорулатуу жана анын коомдук өнүгүү жараянында үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктарын, анын ичинде инновациялык санариптик технологияларды киргизүү жана колдонуу аркылуу камсыз кылуу; 5) үй-бүлөлүк чыр-чатактын, балдардын кароосуз жана көзөмөлсүз калышынын алдын алуу; 6) өсүп келе жаткан муундарды руханий-ыймандык жана жарандык-патриоттук тарбиялоонун шарттарын жана механизмдерин түптөө.

Концепцияда үй-бүлөнү колдоо жана өнүктүрүү, үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн сактоо жана коргоо жаатындагы улуттук жана мамлекеттик программаларда кабыл алынган базалык параметрлерге ылайык келген негизги багыттар түптөлгөн: 1) «жумуш – үй-бүлө – балдар» тең салмактуулугун камсыз кылуу; 2) салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды таанууну жана коргоону камсыз кылуу; 3) үй-бүлөлүк мамилелерде гендердик теңчиликти камсыз кылуу; 4) улуттун жана келечек муундардын саламаттыгын камсыз кылуу; 5) үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык тейлөө тутумун өркүндөтүү; 6) үй-бүлөлүк келишпестиктерди, балдардын кароосуз жана көзөмөлсүз калышын эрте алдын алуу; 7) «Санариптик үй-бүлө» долбоорун ишке ашыруу; 8) Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк саясатты корпоративдик деңгээлде ишке ашыруу;

9) өсүп келе жаткан муундарды жарандык-патриоттук жана укуктук тарбиялоо институттарын түзүү.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө төмөнкүдөй натыйжаларды алууга жана төмөнкү корутундуларды, сунуштарды жана сунуштамаларды түптөөгө мүмкүндүк берди:

1. Үй-бүлө коомдун табигый, баштапкы жана негизги уячасы, адамзат жараткан эң бийик баалуулуктардын бири болуп саналат.

Түрдүү илимий жана атайын адабияттарды, ошондой эле Кыргызстандын жана ЕАЭБге мүчө башка өлкөлөрдүн мыйзам актыларын талдоонун негизинде “үй-бүлө” түшүнүгүн кеңири жана тар мааниде кароо сунушталат.

Кеңири социалдык-укуктук түшүнүүдө үй-бүлө - бул кийинки муундарды жаратуу, балдарды тарбиялоо аркылуу андан аркы коомдук өнүгүү үчүн зарыл болгон салттуу турмуштук жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды, маданиятты, жыйналган тажрыйбаны ж.б. маалыматтарды трансляциялоо, бири-бирине болгон сүйүүнүн, бирин-бири түшүнүүнүн, өз ара аракеттенүүнүн, ич ара жардам берүүнүн жана бири-биринин алдындагы жоопкерчиликтин негизинде үй-бүлөнүн башка функцияларын аткаруу максатында социалдык-укуктук жана экономикалык жашоосунун жалпылыгы менен байланышкан адамдардын (эки же андан көп физикалык жактардын) өзүн-өзү тескеген өзгөчө уюму түрүндөгү коомдун базалык уячасын билдирет.

Таза юридикалык ыктоону чагылдырган тар мааниде үй-бүлө – бул биргеликте жашоо, жалпы чарбаны жүргүзүү, никенин негизинде жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктардын жана милдеттердин болушу, туугандык белгилери, балдарды багып алуу же тарбиялоонун башка формаларында кабыл алуу аркылуу түптөлгөн, эки же андан көп физикалык жактардын биримдиги түрүндөгү укук субъекти.

Укуктук тескөө максатынан көз каранды түрдө укуктун айрым тармактарында үй-бүлөнүн укуктар жана милдеттер менен байланышышкан мүчөлөрүнүн алкагы аныкталат. Бардык учурларда үй-бүлө мүчөлөрүнө жубайларды (эркек жана аялды), балдарды (өздөрү жараткан жана багып алынган), алар менен бирге жашашкан, жалпы чарба жүргүзүшкөн жана жалпы бюджетке ээ болушкан жакын туугандарды кошушат.

Бүтүндөй үй-бүлөнүн жана анын айрым мүчөлөрүнүн жигердүүлүгүнүн, жашоо-тиричилигинин көрүнүшүнүн негизги багыттары катары үй-бүлөнүн төмөнкүдөй функциялары бөлүнүп көрсөтүлдү: репродуктивдүү функция; берүү (трансляциялоо) функциясы; билим берүүчүлүк-тарбиялык функция; баштапкы социалдык көзөмөл функциясы; баштапкы укуктук көзөмөл функциясы; экономикалык функция; калыбына келтирүү функциясы; эмоционалдык функция; коммуникативдик функция; коргоо функциясы.

2. Укуктук макам дегенде укуктук мамилелердин ар кандай түрлөрүнүн алкагында жеке же коллективдүү субъекттин укуктарынын жана

милдеттенмелеринин мыйзам тарабынан бекитилген жана мамлекет тарабынан кепилденген жыйындысы түшүнүлөт.

Доктриналдык деңгээлде укуктук макам классификациялык критерийлерге жараша төмөнкүдөй анык бир түрлөргө бөлүнөт, атап айтканда, булар: 1) укуктук макамдын конкреттешүү даражасы; 2) укуктук жөнгө салуу булактарынын тармактык тиешелүүлүгү жана көлөмү; 3) укук субъекттеринин категориялары; 4) мамлекет менен конституциялык мамилелердин жалпы тутумундагы адамдын иш жүзүндөгү абалы.

Илимий, атайын адабияттарда жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында берилген үй-бүлөнүн укуктук макамын аныктоого болгон ыктоолорду талдоо жана салыштыруу бул түшүнүккө карата автордун позициясын түзүүгө мүмкүндүк берди. Ушуга байланыштуу үй-бүлөнүн укуктук макамы укуктун жамааттык субъекти катары болгон үй-бүлөнүн улуттук мыйзамдарда, ошондой эле улуттук мыйзамдык тутумдун курамдык бөлүгү болуп саналышкан эл аралык ченемдерде жана эл аралык келишимдерде бекитилген жана мамлекет тарабынан кепилденген укуктары менен милдеттеринин жыйындысын билдирет. Ал ушул субъекттин коом жана мамлекет менен, ал эми анын мүчөлөрүнүн бири-бири, коом жана мамлекет менен болгон өз ара мамилелерин тескейт.

Үй-бүлөнүн укуктук макамын түшүнүп жетүүдөгү негизги түшүнүктөрдүн бири болуп "нике" түшүнүгү саналат.

3. Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуу мамлекет тарабынан үй-бүлөлүк мамилелерге таасир этүү жараянында ишке ашырылуучу юридикалык функциясы билдирет. Анын жардамында мындай мамилелердин катышуучуларынын жүрүм-туруму укуктун ченемдеринде камтылган талаптарга жана уруксат берүүлөргө ылайык жөнгө салынат. Аларды аткаруунун милдеттүүлүгү жана легитимдүүлүгү мамлекеттин бийликтик күчүнүн атайын юридикалык каражаттары жана ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынып, коом тарабынан колдоого алынат. Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуу принциптерин, б.а. идеяларды жетектеген анын негизги башаттарын жалпы жана атайын деп бөлүүгө болот.

Укуктук жөнгө салуунун жалпы принциптери болуп төмөнкүлөр саналат: 1) мыйзамдуулук принциби; 2) теңдик принциби; 3) демократиялуулук принциби; 4) жоопкерчилик принциби; 5) үй-бүлөнү мамлекет жана коом тарабынан сактоо жана коргоо принциби; 6) укуктук жөнгө салуунун тутумдуулугу принциби; 7) укуктук ченемдердин императивдүүлүгү менен диспозитивдүүлүгүн айкалыштыруу принциби; 8) адилеттүүлүк жана гуманизмдик принциби.

Атайын принциптерге төмөнкүлөр кирет: 1) эркек менен аялдын ыктыярдуу биримдигинин негизинде никеге туруу принциби; 2) ЗАГС органдарында гана түзүлгөн никени таануу принциби; 3) үй-бүлөлүк мамилелердеги гендердик теңдик принциби; 4) баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби; 5) баланы үй-бүлөлүк тарбиялоонун артыкчылыгы принциби; 6) үй-бүлөнүн жашы жете элек жана эмгекке жарамсыз мүчөлөрүнүн укуктарын жана таламдарын талаптагыдай коргоону камсыз кылуу

принциби; 7) бир нике (моногамия) принциби; 8) никени мамлекеттин көзөмөлү астында бузуу эркиндиги принциби; 9) ички үй-бүлөлүк талаштарды чечүүдө өз ара макулдашуу принциби.

Жалпы жана атайын принциптер үй-бүлөлүк мамилелердин бардык чөйрөлөрүн тескөөгө, сактоого, коргоого жана “тарбиялоого”, жарандардын мамлекеттик башкаруунун ушул функциясына болгон ишенимин бекемдөөгө багытталган.

4. Кыргыз Республикасынын Конституциясында, үй-бүлөлүк жана башка мыйзамдарында үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн сактоо жана коргоо, адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндөгү конституциялык укуктарын, милдеттерин жана кепилдиктерин камсыз кылуу боюнча ченемдердин бекитилиши кыргыз коомунда үй-бүлөнүн эң маанилүү ролу, мамлекеттин аны колдоого, сактоого, чыңдоого жана сапаттуу өнүктүрүүгө кызыкдарлыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

Үй-бүлөгө, аталыкка, энеликке жана балалыкка тикеден-тике байланышкан укуктардын жыйындысы Кыргызстандын тармактык мыйзамдарында, биринчи кезекте КРнын Үй-бүлөлүк кодексинде, ошондой эле конституциялык ченемдерге негизделген КРнын Балдар жөнүндө кодексинде так аныкталган.

Баланын укуктары өзгөчө жалпы жөнгө салуучу укуктук мамилелердин алкагында болот жана ошондуктан фундаменталдык мүнөзгө ээ.

Үй-бүлөнүн укуктук макамынын маңызынан келип чыгуу менен ар бир укук үчүн колдонуудагы мыйзамдарда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген тиешелүү милдет бар. Мында балдарды тарбиялоо жана аларга кам көрүү ата-эненин укугу да, милдети да болуп саналат.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктери - бул мыйзам тартибинде каралган жана мамлекет тарабынан милдеттүү түрдө колдонулуучу конституциялык-укуктук курал, ал аркылуу ар кандай жыныстагы өлкөнүн жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарын жана эркиндиктерин тоскоолдуксуз пайдаланууга, коомдук мамилелердин бардык чөйрөлөрүндө өздөрүнүн мыйзамдуу таламдарын бир эле убакта шайкеш келген милдеттерин аткарууну камсыз кылуу менен ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алышат.

5. Кыргызстандын үй-бүлө мыйзамдарынын жана үй-бүлө укугунун ченемдерин камтыган башка мыйзам актыларынын курамына талдоо жүргүзүү, бул мыйзамдар үй-бүлөнүн негизги функцияларын ишке ашырууну, үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн тең укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча эл аралык стандарттарга көп жагынан туура келет деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Мында учурдагы калыптанган үй-бүлө мамилелерин, үй-бүлөнүн, биринчи кезекте балдардын жана аялдардын кызыкчылыктарын сактоо жана коргоону укуктук жөнгө салуунун жакшыргандыгы менен катар юридикалык карама-каршылыктардын жана мыйзамдык боштуктардын, анын ичинде бир катар негизги түшүнүктөрдүн

аныктамаларынын жоктугу же жеткиленсиздиги, ошондой эле айрым укуктук ченемдердин мазмунунун так эместиги бар экендиги белгиленди.

Аракеттеги үй-бүлөлүк мыйзамдуулукту өркүндөтүү максатында КРнын Үй-бүлө кодекси, КРнын “Балдар жөнүндө” Кодекси, КРнын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо” жөнүндө Мыйзамы, КРнын “Эрекетер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана бирдей кепилдиктердин мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” Мыйзамы, КРнын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө” Токтому сыктуу мыйзамдарга жана башка ченемдик-укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү максатка ылайыктуу.

КРнын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги КРнын Үй-бүө кодексинин жаңы рекдакциясын иштеп чыгып, коомдук талкууга койду. Жаңы редакциянын көптөгөн жоболору үй-бүөлүк – никелик мамилелерди укуктук тескөөнү өркүдөтүү жаатында алга ташталган олуттуу кадамды билдирет, ошол эле учурда анын айрым ченемдери сын эскертүүлөргө татыктуу.

6. Коомдун жана бүтүндөй мамлекеттин өнүгүүсүнүн базалык негиздеринин бири болуп үй-бүлөнүн өзүнүн негизги функцияларын ишке ашыруудагы ийгилиги катары аныктоого боло турган үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык жактан байгерчилиги, б.а. ар кандай мүнөздөгү, анын ичинде укуктук, социалдык жана экономикалык артыкчылыктардын болушунан улам үй-бүлөнүн толук кандуу жашоо-тиричилиги үчүн зарыл болгон бардык нерселер камсыз болуусуна жана ийгиликке жетишүүсү саналат.

Укуктук жана социалдык-экономикалык байгерчиликти, бир жагынан, мамлекеттик башкаруунун бардык субъекттери тарабынан үй-бүлөнүн өз функцияларын натыйжалуу ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү аркылуу (объективдүү жагы), экинчи жагынан, үй-бүлөнүн өзүнүн толук кандуу жашоо-тиричилик иш-аракеттерин уюштуруусу үчүн сырткы шарттарды жана ички потенциалды пайдалана билүү жөндөмдүүлүгү жана бул жөндөмдүүлүктүн натыйжаларына канааттануу (субъективдүү жагы) аркылуу кароо керек.

Изилдөөчүлөр тарабынан үй-бүлөнүн байгерчилигинин объективдүү жана субъективдүү көрсөткүчтөрү катары төмөнкүлөр каралат: 1) демографиялык параметрлер; 2) экономикалык фактор; 3) укуктук фактор; 4) бир катар олуттуу социалдык мүнөздөмөлөр; 5) психологиялык фактор.

2018-2022-жылдарда Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн укуктук жана социалдык-экономикалык байгерчиликтерин талдоо үй-бүлөнүн жана анын мүчөлөрүнүн экономикалык, социалдык жана укуктук чөйрөлөрдөгү укуктарын жана милдеттерин камсыз кылуудагы оң тенденциялар менен кошо үй-бүлөнүн өзүнүн негизги функцияларын толук аткарууга мүмкүндүк бербеген бир топ терс факторлордун да бар экендигин көрсөттү.

Үй-бүлөнүн байгерчилигине таасир эткен эң олуттуу терс фактор болуп физикалык, психологиялык, экономикалык, сексуалдык, диний жана башка мүнөздө болушу мүмкүн болгон үй-бүлөлүк зомбулук саналат.

7. Ченемдик-укуктук, социалдык-экономикалык жана башка мүнөздөгү түрдүү булактарды талдоонун, ошондой эле автордун эмпирикалык

изилдөөлөрүнүн негизинде Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана милдеттерин ишке ашыруунун төмөнкүдөй көйгөйлөрү топтоштурулду: 1) ата-энелердин балдарына кам көрүү, балдарын тарбиялоо жана аларга билим берүү боюнча милдеттери менен байланышкан көйгөйлөр; 2) үй-бүлөнүн материалдык байгерчилигин камсыз кылуу менен байланышкан көйгөйлөр; 3) үй-бүлөдөгү гендердик теңчилик жана жубайлардын өз ара жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелери көйгөйлөрү; 4) укук коргоо жана укук колдонуу маселелери жана сот тутумунун натыйжасыздыгы көйгөйлөрү; 5) үй-бүлөнү мамлекеттик колдоо, аялдарды жана балдарды сактоо жана коргоо менен байланышкан көйгөйлөр; 6) жубайлардын жалпы, анын ичинде репродуктивдүү ден соолугу, ошондой эле балдардын ден соолугу менен байланышкан көйгөйлөр; 7) өсүп келе жаткан муундарды руханий-ыймандык, жарандык-укуктук тарбиялоо, салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоо жана колдоо менен байланышкан көйгөйлөр; 8) үй-бүлөлүк мыйзамдардын жеткилең эместиги менен байланышкан көйгөйлөр.

Көйгөйлөрдүн ар бир тобунда алардын түрлөрү жана мазмуну аныкталган.

8. Үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн сактоонун жана коргоонун жалпы таанылган өзгөчө формалары болуп коргоонун юрисдикциялык жана юрисдикциялык эмес формалары саналат.

Үй-бүлөнү юрисдикциялык форманын алкагында сактоонун жана коргоонун механизми сактоо жана коргоо субъекттеринин, бузулган же бузулуу коркунучунда турган үй-бүлө укуктарын сактоонун жана коргоонун жолдорунун, ошондой эле мындай ыкмаларды ишке ашыруунун республиканын колдонуудагы мыйзамдарында каралган куралдарынын жыйындысын билдирет.

Юрисдикциялык эмес форманын алкагында коргоо механизми жарандардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын үй-бүлө укуктарын жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын коргоо боюнча иш-аракеттерин билдирет, аларды булар өз алдынча, тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кайрылбастан жүзөгө ашырат, бул өзүнүн укуктарын коргоодо айрыкча туюнтууга ээ болот. Мында үй-бүлөлүк укуктарды өз алдынча коргоо жолдору укук бузууга пропорционалдуу болууга жана анын алдын алуу үчүн зарыл болгон аракеттердин чегинен чыкпоого тийиш.

Үй-бүлөнү сактоонун жана коргоонун интегралдык механизминин алкагында үй-бүлөнү, анын мүчөлөрүн жана алардын мыйзам тарабынан корголуучу үй-бүлөлүк медиацияны кошо алгандагы таламдарын коргоонун юрисдикциялык жана юрисдикциялык эмес формалары жана жолдору бирдиктүү, үй-бүлөнүн укуктук макамын ишке ашырууга багытталган өз ара байланышкан жана бири-бирин толуктоочу тутумду түзүүсү керек.

9. Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн натыйжасы болуп Кыргыз Республикасында 2040-жылга чейин мамлекеттик үй-бүлө саясатынын алкактык Концепциясын иштеп чыгуу саналды.

Концепцияда үй-бүлөнү колдоо жана өнүктүрүү, үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн сактоо жана коргоо чөйрөсүндө кабыл алынган улуттук жана мамлекеттик программаларга ылайык келген негизги параметрлерге ылайык

келген негизги багыттар болуп төмөнкүлөр саналат: 1) «жумуш – үй-бүлө – балдар» тең салмактуулугун камсыз кылуу; 2) салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды таанууну жана коргоону камсыз кылуу; 3) үй-бүлөлүк мамилелерде гендердик теңчиликти камсыз кылуу; 4) улуттун жана келечек муундардын саламаттыгын камсыз кылуу; 5) үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык тейлөө тутумун өркүндөтүү; 6) үй-бүлөлүк келишпестиктерди, балдардын кароосуз жана көзөмөлсүз калышын эрте алдын алуу; 7) «Санариптик үй-бүлө» долбоорун ишке ашыруу; 8) Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк саясатты корпоративдик деңгээлде ишке ашыруу; 9) өсүп келе жаткан муундарды жарандык-патриоттук жана укуктук тарбиялоо институттарын түзүү.

2040-жылга чейинки мамлекеттик үй-бүлөлүк саясат Концепциясын ишке ашырууну үч этапта аткаруу максатка ылайык: 1) 2025-2029-жылдар; 2) 2030-2034-жылдар; 3) 2035-2039-жылдар. Мында этаптардын ар биринде Концепциянын жетишилген чыныгы натыйжалардан көз каранды түрдө түзөтүлүшү мүмкүн болгон белгиленген багыттарынын ар бири боюнча коюлган милдеттерге жетишүүнүн пландык индикаторлору белгиленген болушу керек.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

1. Учурдагы үй-бүлөлүк мыйзамдуулукту өркүндөтүү максатында төмөнкүлөр сунушталат:

- КРнын Конституциясынын 26-беренесинин 2-бөлүмүн төмөнкүдөй реадкцияда баяндоо: “балдарга кам көрүү, аларды тарбиялоо атанын да, эненин да бирдей өлчөмдөгү укугу жана милдети болуп саналат. Жашы жеткен эмгекке жарамдуу балдар өздөрүнүн эмгекке жарамсыз, ата-эненин жардамына муктаж бир туугандарын багууга жана алар жөнүндө кам көрүүгө милдеттүү”;

- КРнын Үй-бүлөлүк кодексинин 2-беренесинде берилген үй-бүлөнүн аныктамасын төмөнкү редакцияга алмаштыруу: “үй-бүлө – бул биргеликте жашоо, жалпы чарбаны жүргүзүү, никенин негизинде жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктардын жана милдеттердин болушу, туугандык белгилери, балдарды багып алуу же тарбиялоонун башка формаларында кабыл алуу аркылуу түптөлгөн, эки же андан көп физикалык жактардын биримдиги түрүндөгү укук субъекти болуп саналат”;

- КРнын Үй-бүлөлүк кодексинин 9-беренесинин 2-бөлүмүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо: “үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн коргоо ушул Кодекстин, КРнын “Балдар жөнүндө” Кодексинин тиешелүү беренелеринде каралган жолдор, ошондой эле үй-бүлөлүк мыйзамдуулук тарабынан тыюу салынбаган башка жолдор менен ишке ашырылат”;

КРнын 2008-жылдын 4-августундагы № 184-“Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинде мамлекеттик кепилдиктердин төмөнкүдөй аныктамасын киргизүү: “эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери – бул мыйзам тартибинде каралган жана мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан сөзсүз колдонула турган конститциялык-укуктук курал, ал

аркылуу түрдүү жыныстагы өлкөнүн жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок жактар өздөрүнүн мыйзамдуу укутарын жана эркиндиктерин тоскоолсуз колдонуу, бир эле убакта өздөрүнүн тиешелүү милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу менен коомдук мамилелердин бардык чөйрөлөрүндө мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат";

- КРнын "Укук бузуулар жөнүндө" Кодексинде өзүнчө берене менен "массалык маалымдоо каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу гендердик стереотиптерди кайра өндүрүү" сыяктуу кыйыр дискриминация боюнча административдик жоопкерчиликти бекитүү;

- КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63-"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 1-беренесине үй-бүлөк зомбулук түшүнүгүнүн аныктамасын төмөнкүдөй редакцияда баяндоо: "үй-бүлөлүк зомбулук – бул үй-бүлөнүн бир мүчөсү/ага теңештирилген адам тарабынан үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата адамдын жана жарандын мыйзамдуу укуктарын жана эркиндиктерин бузуу же алар тарабынан өздөрүнүн конституциялык милдеттерин аткаруусуна тоскоолдук кылуу, жол бербөө максатында аткарылган физикалык, экономикалык психологиялык, сексуалдык, диний, маданий-ыймандык ж.б. мүнөздөгү атайылап жасалган аракеттер же алардан жаралган коркунучтар, ошондой эле көнүл кош мамиле".

- КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63-"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 1-беренесине сексуалдык зомбулуктун төмөнкүдөй аныктамасын киргизүү: "сексуалдык зомбулук – бул үй-бүлөнүн бир мүчөсү/ага теңештирилген адам тарабынан үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата анын эркине каршы атайылап аткарылган, мындай аракеттерге дуушар кылынган үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын ден-соолугуна жана психоэмоционалдык аалына терс таасирин тийгизген контакттык жана/же контактсыз сексуалдык аракеттер".

2. КРнын "Социалдык кызматтар жөнүндө" Мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу максатка ылайык, анын негизги максаты болуп үй-бүлөдө жаралуучу кыйын жашоо жагдайларын жеңүү, мындай жагдайлардын терс кесепеттерин минималдаштыруу, аларды токтотуу жана алдын алуу боюнча коомдук мамилелерди тескөө саналышы керек.

3. КРнын "Үй-бүлөдөгү кыйынчылыктардын, балдардын кароосуз жана көзөмөлсүз калуусун эртелетип алдын алуу жөнүндө" Мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу максатка ылайык, бул үй-бүлөнүн укуктук макамын натыйжалуу ишке ашырууга, балдарды сактоого жана коргоого өбөлгө түзөт.

4. Диссертациялык иште сунушталып жаткан Кыргыз Республикасындагы мамлекеттин үй-бүлөлүк саясатынын алкактуу Концепциясын узак мөөнөткө кабыл алуу жана ишке ашыруу үй-бүлөнү коомдун жана мамлекеттин негизи катары бекемдөөгө, үй-бүлө укуктун субъекти катары өзүнүн функциясын аткарууда мүмкүн болгон тобокелдерден корголо турган, өзүнүн болочок өнүгүүсүнө ишенимди сезе турган шарттарды түптөөгө мүмкүндүк берет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Мадышева Ш.И. Роль и место семьи в обществе и государственная программа для ее сохранения [Текст] / Кулдышева Г.К., Мадышева Ш.И. // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - 2021 год. № 2-2 (53) – С.152-156.

2. Мадышева Ш.И. Насилие против женщин в Кыргызстане и мероприятия, направленные на его устранение. [Текст] // Мадышева Ш.И., Мадышев Б.И., Орунбаев С.С. // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - 2021 год. № 3-1 (54) – С.198-202.

3. Мадышева Ш.И. Үй-бүлө түшүнүгүнүн укуктук аныкталышы. [Текст] // Мадышева Ш.И., Токтобаева Э.М. // Вестник Ошского государственного университета. - 2021 год. № 3 (2) – С.301-309.

4. Мадышева Ш.И. Некоторые теоретические подходы к вопросу изучения семьи. // Мадышева Ш.И., Кудаярова Б.А. // Тенденции развития науки и образования. - 2022 год. № 82-4. – С.81-86.

5. Мадышева Ш.И. Семейное предпринимательство в госдуратсвенно-правовом развитии Кыргызской Республики. // Мадышева Ш.И., Кулдышева Г.К., Умирзакова М. // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2022 год. № 6. – С.216-220.

6. Мадышева Ш.И. Гендердик кесиптик сегрегация. // Мадышева Ш.И., Орунебаев С.С. // Вестник МНУ. - 2022 год. № 3. – С.246-251

7. Мадышева Ш.И. Түзөтүү мекемелериндеги жазасын өтөп жана андан бошогон аялдардын ресоциализациялык өзгөчөлүктөрү жана социалдык адаптациялоосу. // Мадышева Ш.И., Мадышев Б.И. // Вестник МНУ. - 2023 год. № 2. – С.272-278.

8. Мадышева Ш.И. Руханий адеп ахлактык тарбия үй-бүлөдөн башталат. // Мадышева Ш.И., Кудаярова Б.А. // Вестник МНУ. - 2022 год. № 4. – С.223-225.

9. Мадышева Ш.И. О правовом определении понятия семьи. // Мадышева Ш.И., Кулдышева Г.К., Токтобаева Э.М. // Евразийское научное объединение. – 2021 год. № 7-2 (77)– С.141-145.

10. Мадышева Ш.И. Женщины Кыргызской Республики в цифровом бизнесе. // Мадышева Ш.И., Досалиева К.А. // Актуальные вопросы экономики и права в современных условиях: Сборник материалов конференций. – 2023 год. № 1 (4)– С. 473 – 477.

11. Мадышева Ш.И. Мусульманское право как инструмент влияния Кокандского ханства на обычное право кыргызов // Мадышева Ш.И., Досалиева К.А. // Актуальные вопросы экономики и права в современных условиях: Сборник материалов конференций: Нальчик – 2023, с. 222-226.

12. Мадышева Ш.И. Современный этап развития правовой системы Кыргызской Республики // Мадышева Ш.И., Улан уулу Авакан, Жолдошбаев И.А. // Устойчивое развитие территорий: теория и практика: Сибайский институт (филиал) УУНиТ – 2024, с. 34-37.

13. Мадышева Ш.И. Инклюзивная система в правосудии Кыргызской Республики // Мадышева Ш.И., Мамадалиева К.А. Бакы кызы А. // Устойчивое развитие территорий: теория и практика: Сибайский институт (филиал) УУНиТ – 2024, с. 38-40.

Мадышева Ширин Икрамовнанын «Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнүн теориялык-укуктук макамы» аттуу темадагы 12.00.01 – укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы жана 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук; жараяндык процесс адистиктери боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: үй-бүлө, үй-бүлөнүн укуктук макамы, аталык, энелик, балалык, укуктар, эркиндиктер жана кепилдик, мамлекеттик үй-бүлөлүк саясаттын концепциясы, коргоо.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасында үй-бүлөнүн укуктук макамын аныктоо жана ишке ашыруу жараянында пайда болуучу коомдук мамилелердин тутуму саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасында үй-бүөнүн укуктук макамын аныктоонун жана ишке ашыруунун теориялык, усулдук, уюштуруучулук-укуктук, ченемдик-укуктук, экономикалык жана практикалык аспекттери саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп тутумдуу теориялык, формалдуу-юридикалык, институттук-укуктук жана практикалык талдоонун негизинде үй-бүлөнүн укуктук макамынын маңызы жана мазмуну, үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучуларынын конституциялык укуктары жөнүндөгү билимдердин комплексин иштеп чыгуу, ошондой эле Кыргыз Республикасында үй-бүлөнүн укуктук макамын ишке ашыруу жараянында түптөлгөн актуалдуу теориялык-укуктук жана практикалык көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү саналат.

**Изилдөө ыкмалары** – изилденүүчү объекттин өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрүн жана тенденцияларын аныктоого мүмкүндүк берген жалпы илимий ыкма, тутумдуулук, логикалык, анализ жана синтез ыкмалары, аналогиялык ыкма, топтоо ыкмасы сыяктуу атайын илимий ыкмалар.

**Алынган натыйжалар.** Коргоого алынып чыгылуучу 7 жобо формулировкаланган, ошондой эле бир катар теориялык корутундулар жана практикалык сунуштар берилген.

**Илимий жаңылыгы** – Диссертациялык иш теориялык жана практикалык аспекттерди чагылдырган уникалдуу изилдөө болуу менен коргоого алынып чыгылып жаткан жана андан ары өнүктүрүлгөн төмөнкү натыйжаларда чагылдырылган: үй-бүлө жана үй-бүлө мамилелери жаатындагы теориялык-укуктук билимдер; үй-бүлөнүн укуктук макамын формалдуу-укуктук контексттин алкагында изилдөө; үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун принциптерин изилдөө; Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө институтунун учурдагы абалын изилдөө; ар тараптуу изилдөөнүн негизинде Кыргызстанда адамдын жана жарандын үй-бүлөлүк укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын, эркиндиктерин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана милдеттерин ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн топтору аныкталды жана аларга мүнөздөмө берилди: Кыргызстандагы үй-бүлөнү коргоонун укуктук механизмин өркүндөтүүнүн багыттары; ата мекендик илимде биринчи жолу Кыргыз Республикасында мамлекеттин 2040-жылга чейинки узак мөөнөттүү үй-бүлөлүк саясатынын Концепциясы иштелип чыгылды жана сунушталды.

**Алынган натыйжаларды колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертацияда айтылган корутундуларды жана сунуштарды ченем жаратуучу жана укук коргоо органдары пайдалана алышат.

**Алынган натыйжаларды колдонуу чөйрөсү:** мамлекет жана укук теориясы, конституциялык укук, үй-бүлөлүк укук.


## РЕЗЮМЕ

диссертации Мадышевой Ширин Икрамовны на тему: «Теоретико-правовой статус семьи в Кыргызской Республике» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальностям 12.00.01– теория и история права и государства; история учений о праве и государстве и 12.00.03 - гражданское право; предпринимательское право; семейное право; международное частное право; гражданский процесс

**Ключевые слова:** семья, правовой статус семьи, отцовство, материнство, детство, права, свободы, гарантия, Концепция государственной семейной политики, защита.

**Объект исследования** - выступает система общественных отношений, возникающих в процессе определения и реализации правового статуса семьи в Кыргызской Республике.

**Предмет научного исследования** – теоретические, методические, организационно-правовые, нормативно-правовые, экономические и практические аспекты определения и реализации правового статуса семьи в Кыргызской Республике.

**Цель диссертационного исследования** - выработать, на базе системного теоретического, формально-юридического, институционально-правового и практического анализа комплекс знаний о сущности и содержании правового статуса семьи, конституционных прав участников семейных отношений, а также выявить и разрешить актуальные теоретико-правовые и практические проблемы, формирующиеся в Кыргызской Республике в процессе реализации правового статуса семьи.

**Методы исследования** - общенаучный метод, системность, логический анализ и синтез, позволивших выявить основные проблемы и тенденции развития изучаемого объекта. Специально-научные методы; метод аналогии, метод агрегирования.

**Полученные результаты.** Сформулировано 7 положений, выносимых на защиту, а также ряд теоретических выводов и практических рекомендаций.

**Научная новизна** заключена в том, что диссертационная работа представляет собой уникальное исследование, которое отражает теоретические и практические аспекты дали дальнейшее развитие: теоретико-правовому знанию в области семьи и семейных отношений; исследованию правового статуса семьи в рамках формально-правового контекста; принципам правового регулирования семейных отношений, исследованию современного состояния института семьи в Кыргызской Республике; на основе всестороннего исследования выделены и охарактеризованы группы проблем реализации прав, свобод, законных интересов и обязанностей человека и гражданина в сфере семейных правоотношений в Кыргызстане; направлениям совершенствования правового механизма защиты семьи в Кыргызстане. Впервые в отечественной науке разработана и представлена Концепция долгосрочной государственной семейной политики в Кыргызской Республике до 2040 года.

**Рекомендации по использованию полученных результатов.** Выводы и рекомендации, сделанные в диссертации, могут быть использованы нормотворческими и правоприменительными органами.

**Область применения полученных результатов: теория** государство и право, конституционное право, семейное право.

**SUMMARY**

of the dissertation of Madysheva Shirin Ikramovna on the topic:
"Theoretical and legal status of the family in the Kyrgyz Republic" for the degree of candidate of legal sciences in the specialtıes 12.00.01 - theory and history of law and state; history of teachings on law and state and 12.00.03 - Civil law; business law; family law; international private law; civil procedure

**Key words:** family, legal status of the family, fatherhood, motherhood, childhood, rights, freedoms, guarantee, Concept of state family policy, protection and defense.

**The object of the research** is the system of social relations arising in the process of determining and implementing the legal status of the family in the Kyrgyz Republic.

**The subject of the scientific research -** is theoretical, methodological, organizational and legal, normative and legal, economic and practical aspects of determining and implementing the legal status of the family in the Kyrgyz Republic.

**The purpose of the dissertation research** is to develop, on the basis of a systematic theoretical, formal-legal, institutional-legal and practical analysis, a set of knowledge about the essence and content of the legal status of the family, the constitutional rights of participants in family relations, as well as to identify and resolve current theoretical-legal and practical problems that are formed in the Kyrgyz Republic in the process of implementing the legal status of the family.

**Methods of research -** general scientific method, systematicity, logical analysis and synthesis, which made it possible to identify the main problems and trends in the development of the object of study. Special scientific methods; analogy method, aggregation method.

**Obtained results.** Formulated **7** provisions submitted for defense have been formulated, as well as a number of theoretical conclusions and practical recommendations.

**The scientific novelty** lies in the fact that the dissertation work is a unique study that reflects theoretical and practical aspects that gave further development to: theoretical and legal knowledge in the field of family and family relations; research of the legal status of the family within the framework of the formal-legal context; principles of legal regulation of family relations, research of the current state of the family institution in the Kyrgyz Republic; based on a comprehensive study, groups of problems of realization of rights, freedoms, legitimate interests and duties of a person and citizen in the sphere of family legal relations in Kyrgyzstan were identified and characterized; directions of improvement of the legal mechanism of protection of the family in Kyrgyzstan. For the first time in domestic science, the Concept of long-term state family policy in the Kyrgyz Republic until 2040 was developed and presented.

**Recommendations on the use of the obtained results.** The conclusions and recommendations made in the dissertation can be used by normative and law enforcement bodies.

**Scope of application of the results obtained**: theory of state and law, constitutional law, family law.

*Данные типографии*